# Кредиттер

*(2015-жылдын 3 айы үчүн)*

2015-жылдын январь-март айларында валюталык карыз алышуу боюнча пайыздык чендин төмөндөшү алкагында коммерциялык банктардын кредит портфелинин көбөйүшү байкалган.

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата 88,9 млрд сомду түзгөн, ал жыл башынан тартып 12,9 пайызга көбөйгөн эле. Мында, кредит портфелинин сом түрүндө бөлүгү 40,7 млрд сом өлчөмүндө түптөлүү менен 21,9 пайызга көбөйгөн. Чет өлкө валютасындагы кредиттердин көлөмү жыл башынан тартып 6,3 пайызга көбөйүү менен сом эквивалентинде 48,2 млрд түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 18,79 пайызды (+1,2 пайыздык пункт), улуттук валютада – 22,10 пайызды (+2,5 п.п.), чет өлкө валютасында – 16,01 пайызды (-0,1 п.п.) түзгөн.

Ошону менен бирге эле кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк тутумунун кредит портфелинин сапаттуу мүнөздөмөлөрүнүн бир аз начарлашы байкалган. Алсак, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыздын үлүшү кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 2,2 пайызды, ал эми сандык мааниде мындай кредиттердин көлөмү жыл башынан тартып 14,8 пайызга көбөйгөн. Мында, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 0,6 пайыздык пунктка, 2,4 пайызга чейин төмөндөгөн.

Өз кезегинде, көпчүлүк банктардын портфели айрым тармактарда жогорку концентрациялануу бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрацияланышын көрсөтүүчү индекс 0,40 түзгөн, бул айрыкча үч тармак ортосунда көпчүлүк банктардын кредиттеринин бөлүштүрүлүшүн көрсөтөт.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,09 түзгөн, бул 12 банк ортосунда рынокту бөлүштүрүүгө барабар.

Жыл башынан тартып банктардын кредит портфелинин убакыт түзүмүндө узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү кредиттердин көлөмүнүн ар багыттагы кыймылы байкалган. Бирок, кыска мөөнөттүү кредиттердин (бир жылга чейинки) салыштырма салмагы 15,6 пайыздан 19,0 пайызга чейин өскөн, ал эми узак мөөнөттүү кредиттердин - 82,3 пайыздан 78,8 пайызга чейин төмөндөгөн. Кредит портфелинин мындай түзүмдүк бөлүштүрүлүшү өз кезегинде дюрация көрсөткүчүнүн 29,4 айга чейин (-1,2 айга) төмөндөшүнө алып келген.

2015-жылдын январь-март айларында жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 16,8 млрд сомду түзгөн, бул 2014-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 6,4 пайызга төмөн эле. Мында, улуттук валютада берилген кредиттер 15,5 пайызга, ал эми чет өлкө валютасында кредиттер 2,7 пайызга төмөндөгөн.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




2015-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 22,70 пайызды түзүү менен 3,71 пайыздык пунктка өскөн болсо, ал эми чет өлкө валютасында – 0,03 пайыздык пунктка, 14,56 пайызга чейин көбөйгөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



Кароого алынып жаткан мезгил ичинде тармактар боюнча улуттук жана чет өлкө валюталарында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүүсү ар багытта болгон. Мында, улуттук валютада эң төмөн чен боюнча кредиттер өнөр жайга (мезгил ичинде орточо салмактанып алынган чен 16,67 пайыз) берилген болсо, ал эми эң жогорку чен боюнча - байланышка (35,48 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасында чендер ипотекалык кредиттерден жана курулушка каралган кредиттерден тышкары, дээрлик бардык тармактарда төмөндөгөн. Чет өлкө валютасында эң жогорку чен боюнча кредиттер айыл чарбасына (орточо салмактанып алынган пайыздык чен – 19,73 пайыз), ал эми эң төмөн чен боюнча – курулушка берилген (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 10,97 пайыз).